Педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынган "Бекитемин"

Буйрук №13 Мектеп жетекчиси:______Боркеев Э.Т

"3" 09 2017ж. "3" 09 2017ж.

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин китепканачысынын 2017-2018-окуу жылына карата иш планы

| № | Иш чаралар | Мөөнөтү | Жоопттуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018-окуу жылына карата китепкананын иш планын бекитүү | сентябрь | Китепканачы |
| 2 | Окуучуларды китеп менен камсыздоо | август-сентябрь | Китепканачы |
| 3 | "Улут жана тил "деген темада Кыргыз тили майрамына көргөзмө өткөрүү | сентябрь | Китепканачы |
| 4 | Окуучулардын китептерин текшерүү (рейд өткөрүү) | 1-айда 1-жолу | Китепканачы |
| 5 | Гезиттерге жазылуу | ар дайым | Китепканачы |
| 6 | Жаш мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүп ,китептер менен камсыз кылуу | октябрь | Китепканачы |
| 7 | Алыкул Осмонов | ноябрь | Китепканачы |
| 8 | Күз майрамына карата китеп текчесин уюштуруу | ноябрь | Китепканачы |
| 9 | Фонддогу китептерди иретке келтирүү | ноябрь | Китепканачы |
| 10 | СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө дубал гезит чыгаруу | декабрь | Китепканачы |
| 11 | Балаты майрамына даярдык көрүү. Класстарга жардам берүү | декабрь | Китепканачы |
| 12 | 5-9 класстардын окуучуларынын китептерин тазалыгын текшерүү | февраль | Китепканачы |
| 13 | 23-февраль –Мекен сакчысы күнүнө карата "бурч " текче уюштуруу | февраль | Китепканачы |
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 14 | "8-март –майрамыңыз кут болсун" дубал гезит чыгаруу | март | Китепканачы |
| 15 | "Ар бир кесип ардактуу"деген темада бүтүрүүчү класс менен аңгемелешүү | апрель | Китепканачы |
| 16 | 9-Май-Жеңиш күнүнө карата дубал газет чыгаруу .китеп текчесин уюштуруу | май | Китепканачы |
| 17 | Китептерди өткөрүп алууга даярдоо | май | Китепканачы |

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин китепканачысынын 2017-2018-окуу жылына карата аткарган ишине талдоо жүргүзүү.**

Талдоо

Китепкананын милдеттери:

*китеп менен иштөө жөндөмүн өнүктүрүү,

*окуучуларда адеп-ахлактык сапаттарды жана мамилелерди калыптандыруу

*китеп фондун толуктоо жана жумушчу абалда кармап туруу;

*окуу тарбиялоо процессине жана өз алдынча билим алууга көмөктөшүү

*педагогдорго методикалык жардам көрсөтүү

Китепкана фондунун көлөмү:

Китепкананын китеп фонду -5927 нусканы түзөт.

Колдонууга берилген китептер-3355

Жаңы китептер –140

Китептерди эсепке алууну камсыздоо үчүн төмөнкүдөй иш кагаздарды жүргузулөт

*окуу фондусун суммалык каттоо китеби;

*класстар боюнча окуу китептерин берүү журналы;

Мектептин китепканачысы  жана окуу жылына планын иштеп чыгып, жетекчи тарабынан бекитилип , өз ишин баштады. Баардык класстардын  окуучулары китеп менен камсыз болушту.Класс жетекчилер тарабынан окуучуларга окуу китептерин таза кармоо жөнүндө класстык сааттарын өтүштү.

Сентябрь айында мугалимдер тандоолору менен ар кандай гезиттерге жазылышат. Гезиттер өз убагында алынып келинет.

23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата китепканачы тарабынан китеп көргөзмөсү уюшулган . Көргөзмө кыргыз  элинин акын-жазуучуларынын китептери,"Манас" эпосунун томдуктары ,ураандар жана сүрөттөр жабдылган.

Китепканачы китептердин абалын текшерүү максатында ар убак рейддерди өткөрүп турат.Начар колдонгон окуучуларга эскертүүлөр берилип,класс жетекчилерге көзөмөлдөө жөнүндө айтылат.

Жогорку класстар арасында "Алтын күз" деген темада өткөрүлгөн сынакка китепканачы тарабынан  жардам  көрсөтүлдү. Китеп текче уюшулган.

Жаш мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүлүп,керектүү китептер менен камсыз болушат.Көрсөтмө куралдарды берет.

Күзгү,кышкы жана жазгы эс алуу күндөрү окуучулар китепканадан жомок китептерин алып окуп жатышты. Алынган китептерге аяр мамиле жасоо,китепти  таза кармоо жөнүндөгү эскертүүлөр айтылды.

Китепкананын фондунда болгон китептер иретке келтирилип турат.Адабий чыгарма китептерин окуучулар каникулучурунда алып окуп турушат.

23-февраль-Мекен коргоочулар күнүнө карата "Эр жигит эл четинде, жоо бетинде" аталышында патриоттук ырларды көркөм окуу иши өтүлдү. Дубал гезиттер чыгарылды .Кыргыз элинин чыккан баатырлардын эрдиктерин чагылдырган чыгармалардан үзүндүлөр аткарышты.

Март айындагы майрамдарга дубал гезиттер чыгарылып ,көркөм окуулар өткөрүлдү.

Алыкул Осмоновдун 100 жылдык маарекесине китеп көргөзмөсү уюшулган.

Акындын китептери,сүрөттөрү менен көргөзмө жабдылган.

9-Май-Жениш күнүнө дубал гезит чыгарылып,китеп көргөзмөсү уюшулду .

Окуучулар чыгармалардан узүндүлөрдөн аткарышты,обондуу ырларды ырдашты.

Окуу жылынын аягында класс боюнча китептер толугу менен чогултулуп алынды.

2017-2018-окуу жылындагы китепканачынын иши жакшы деп белгиленди.

Китепканачы: Андабекова Т.Н.